өзгөчөлүктү сактап, фортепианонун коштоосунда Президенттик концертке алып чыккан. Т. Сатылганов атындагы Улуттук филармониянын чоң залында салтанаттуу концерттерге активдүү катышуу менен, К. Орозов атындагы академиялык эл аспаптар оркестри, А. Жумакматов атындагы академиялык симфониялык оркестри менен кошо концерттерге ар дайым катышып келишет.”Акак” комузчулар ансамблинин өнөрү менен Америка, Дания, Польша, Россия, Түркия, Франция, шериктеш мамлекеттерде жогорку деңгээлдеги концерттерге катышып келишет.

Калыбек Жекшенов комуз, кыргыз күүлөрүн таанытууда И. Арабаев атындагы Мамлекеттик Педагогикалык Университетте эң алгачкы лардан болуп комуз классын киргизген. Калыбек Жекшеновдун сунушу боюнча Университеттин ректору Рахат Ачыловна колдоп, мына ушул кезге чейин комуз кадимкидей сабак катары өтүлөт. Университетти бүтүргөн студенттер мектептерде сабак берип, комуз черткенди, комуз күүлөрүн нота менен үйрөтүү жолдорун колдонуп келишет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Балбай Алагушев “ Кыргыз музыкасы “ –Энциклопедия.”Бийиктик” – 2007.
2. Камчыбек Дүйшалиев “Кыргыз эл музыкасы” окуу китеби. Бишкек “Шам”2007.
3. Жамила Маматова “Улуу музыкалык мурас жолун билүү”. Искусство таануу илимдеринин доктору доктору Камчыбек Дүйшалиев . Бишкек “Принт Экспресс”. 2014. 320 бет.



УДК:37.032:372.878:781.7

DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-291-296



**Мамытова Айзат Жумагазиевна**

И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, окутуучу

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**

КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, преподаватель

**Mamytova Aizat Zhumagazievna**

KSU I. Arabaev, Department of Music, teacher


# ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ МУЗЫКА САБАГЫНЫН ЖАНА ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА В РАЗВИТИИ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ У ДЕТЕЙ НА ЗАНЯТИИ МУЗЫКИ

# INFLUENCE OF MUSIC LESSONS AND ORAL FOLK ART IN AESTHETIC EDUCATION


**Аннотация:** макалада балдарга эстетикалык тарбия берүүдө музыка сабагынын мааниси, орду өзгөчө экендиги көрсөтүлөт. Ошону менен катар элдик-оозеки чыгармачылык менен музыка сабагы окуучулардын кабылдоосун, сезимин ойготуп, ички дүйнөсүн кеңейтип, ой жүгүртүүсүн байытуу менен бирге, адеп ахлакка, ыймангa тарбиялоосу аркылуу өзгөчөлөнгөндүгү баса белгиленетю

**Аннотация:** Статья посвящена роли музыки в эстетическом развитии у детей. Таким образом, устное народное творчество на занятии музыки помогает развить творческое воображение, внутренние переживания в слове, в творчестве у детей.

**Abstract:** The article shows that music lessons have a special meaning, a place in the aesthetic education of children. At the same time, it is noted that Folk-oral creativity and musical activity are distinguished by the education of morality and morality, stimulating perception, feeling, expanding the inner world and enriching the thinking of students.

**Негизги сөздөр:** музыка, оозеки-элдик чыгармачылык, эстетикалык тарбия, улуттук салт, улуу мурас, салт-санаа ж.б.

**Ключевые слова:** музыка, устное - народное творчество, эстетическое воспитание, национальная традиция, великое наследие, нравственные ценности и.тд.

**Keywords**: music, oral folk art, aesthetic education, national traditions, great heritage, traditions, etc.

Эгемендүү мамлекетибизде билим берүү мыйзамына таянып, мектептерде окуучуларга тарбия берүү маселелерин туура чечүү эң маанилүү иш болуп саналат. Бул маселенин чечилүүсүн жалпы билим берүүчү мектептерде музыкалык – эстетикалык, окуу – тарбиялык иш жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга ошону менен бирге окуучуга ар тараптуу тарбия берүүдө жаңы бир оптималдуу ыкма табууга, алардын руханий дүйнөсүн калыптандырууда музыканын жагымдуу таасири олуттуу тарбияга өбөлгө болот.

Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде жаш муундарга музыкалык – эстетикалык тарбия берүү жагдайында эң маанилүү маселелерден болуп, окуучуларды маданияттуулукка, элин – жерин сүйгөн инсандыкка тарбиялоо менен алардын музыкалык табитин ачып, элдик музыкага болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү саналат. Ошону менен бирге окутуунун жана тарбиялоонун компоненттерин байланыштырып жана бириктирип турган сабактардын ичинен музыка сабагы да мектеп турмушунда өзгөчө орунда турат.

Балдарды тарбиялоодо элдик оозеки чыгармачылык көп кылымдык тажрыйбаларын өзүнө сиңирип келген. Жаш муунду оозеки чыгармачылык аркылуу өзүнүн Ата мекенин жана эмгекти сүйүүгө тарбиялоо сыяктуу бирдиктүү бир максат байкалат.

Бул улуу мурастарды азыркы улуттук салттардын кайра жаралуу убагында мектеп практикасында татыктуу колдонуу – тарбиялоонун мындан ары өнүгүүсүнө чоң шарт түзөт. Элдик чыгармачылыктын ар бир жанры тарбиялоонун белгилүү бир областары менен байланышта болот.

Ошондуктан, өзүнчө алынган жанр канчалык тереӊ анализденсе, изилденсе, ошончолук ошол жанрдын тарбиялоонун бүтүндөй системасы менен байланыштагы көз караштары идеялары ошончолук даана байкалат.

Азыркы мезгилде эстетикалык тарбия берүүдө көбүрөөк роль музыка мугалимдерине таандык. Анткени музыка окутуу илими элдик педагогика менен да, элдик салт – санаа, үрп – адат менен да, элдик оюндар, элдик фольклор менен өтө тыгыз байланышта.

Адам төрөлгөндөн баштап, өмүрүнүн акырына чейин анын жашоо – тиричилигин, адеп – ахлагын, тарбиясын элдик оозеки чыгармачылыгы коштоп келген. Тактап айтканда бала адеп төрөлгөндөн кийин аны бешикке бөлөп, жөн гана термете бербестен, ыр аркылуу ар түрдүү жакшы ойлор, ак тилектер, каалоолор айтылат, жамактап «бешик ырларын»

ырдашкан. Эненин ырын угуп чоңойгон бала кичинесинен баштап ар кандай музыканы жана башка кубулуштарды тез кабыл алып, сезим туюму өсүп, жетилип тарбияланат.

Элдик оозеки чыгармалардын сүрөттөө объектиси – адам, коом жана жаратылыш. Анда мезгил, эл тарыхы, келечек – көркөм баяндалат. Ошондуктан мугалим сабакты, элдик оозеки чыгармаларды азыркы учур, коомдогу жаңылануулар, кайра куруу иштери, эл турмушу менен айкалыштырылышы керек [1]. Ошондо гана окуучуларды көркөм ойлоого, элестетүүгө, элдик оозеки чыгармаларды жана элдик музыканы сүйө билүүгө, окууга, андагы эстетикалык кооздуктарды сиңирип алууга, чыгармалардын түрлүү байлыктарын күндөлүк жашоо – тиричиликте пайдалана билүүгө, үйрөтүүгө болот.

Жаш муундардын ар тараптуу өсүп-өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири – эстетикалык тарбия берүү болуп саналат. Ал эми эстетикалык тарбия берүүнүн негизги бөлүгү мектепте музыка предмети. Музыка окуучулардын кабылдоосун, сезимин ойготуп, ички дүйнөсүн кеңейтип, ой жүгүртүүсүн байытуу менен бирге, адеп ахлакка, ыйманга тарбиялоосу аркылуу өзгөчөлөнөт. Ал ар бир окуучунун алдына кандайдыр бир максат коюуга, ар нерсеге умтулуусуна, келечекке илгери үтүт менен кароосуна түрткү берет.

Буга чейин, жаш муундарды тарбиялоодо, музыкалык билим гана эмес, тарбия берүүнүн зарылдыгынын маанилүүлүгү ошону менен бирге музыка тарбиянын башаты экендиги эске алынбай келди. Мурда окуу программаларды окуучуларга ар тараптуу билим берүү максатында ар кайсы элдик музыкасынан өзгөчө орус элинин музыкасын окуп – үйрөнүүгө басым кылынган.

Эстетика – бул болмуштагы жана искусстводогу сулуулук жөнүндөгү, “сулуулуктун мыйзамы боюнча” дүйнөнү кайра жаратуунун жана таануунун өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү (К. Маркс), искусствонун, көркөм чыгармачылыктын жана адамга эстетикалык тарбия берүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү философиялык илим [3].

Б.Т. Лихачев “Окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн теориясында” К. Маркс берген аныктамага таянат: “Эстетикалык тарбия – жашоо турмушубуздагы жана искусстводогу сулуулукту, трагедиялуулукту, комедиялуулукту, көркөмдүктү, көрксүздүктү кабыл алууга, баа берүүгө, “сулуулуктун мыйзамы боюнча” жашоого жана аны жаратууга жөндөмдүү баланын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандырууга багытталган максаттуу процесс” [2].

Учурда коомубузда жаралган руханий кризистин негизги себептеринин бири катары жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучуларга эстетикалык тарбия берүүчү сабактардын сааттарынын, балдардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга өбөлгө түзүүчү ийримдердин кыскарып кетүүсүн айта алабыз. Ошондуктан бул багытта жаралган көйгөйлүү маселелерди чечүүгө илимий тянактарга таянган иштиктүү аракеттер учурдун актуалдуу маселелеринин бири,

Музыкалык тарбия берүүнүн эң башкы максаты – инсанды музыка аркылуу тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна багыт берүү. Музыкалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат [4].

Мектептеги курак баланын инсан болуп калыптанышынын эң маанилүү мезгили болуп саналат. Бул учур балдардын ар нерсеге болгон кызыгуусун, чыгармачыл активдүүлүгүн эң алгачкы калыптандыруучу учур болуп, анын андан ары умтулуусуна жол ачат.

Музыкалык тарбия берүү аркылуу б.а. музыка сабагы аркылуу баланын руханий жактан жана ошол эле мезгилде физиологиялык жактан өсүшүнө шарт түзүлөт дагы, баланын көңүл буруусунда, эске тутуусунда, кабыл алуусунда чоң роль ойнойт.

Ч.Дарвин: «Эгерде мен жарык дүйнөгө кайрадан дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенде аптасында бир жолу бир нече ыр окушту, жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрүндөгү активдүүлүктү мүмкүн сактап калар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготуу менен барабар, мүмкүн акыл жөндөмүмө, андан көбүрөөк адеп-ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр» – деген ойду айткан [5].

Инсанды калыптандыруу үчүн акыл эстүү билим берүү менен гана чектелбейт. Ал ички жан дүйнө сезим менен гана өсүп өнүгөт. Музыканын балдарга тийгизген таасири аны канчалык эрте сезе баштаса, алар ошончолук жакшы болот жана өнүнүүсү да эрте болот, алардын ички сезимин гармония менен толтуруу керек.

Музыканын функциялары ар тараптуу. Музыканын өзгөчө күчү анын өсүп келе жаткан сезимин түздөн түз берүүчү касиеттеринде. Ошондуктан баланын өнүгүүсүндө өтө маанилүү фактор. Натыйжада изилдөөлөр көрсөткөндөй, музыкалык тарбия берүү процессинде балдар өнүктүрө алган, ар тараптуу жөндөмдөр атап айтканда бир музыкалык чыгарманын жөндөмдөрүн ошондой эле эс тутумду фантазияны айырмалап өстүрүү жана балдарга иштин башка түрүн өздөштүрүүгө жардам берет. Ошентип музыкалык тарбия эстетикалык гана көйгөйдү чечпестен баланын жалпы мүнөзүн атап айтканда интеллектуалдык өнүгүүсүн стимулдай турган таасирдүү күч болуп саналат. Музыка балага эстетикалык тарбия берүү каражаты. Балага эстетикалык тарбия берүү мектепке чейинки курактагы балдардын сулуулукту кабыл алуу, сезүү жана түшүнүү, жакшы менен жаманды байкоо чыгармачылык менен өз алдынча аракеттенүү жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталат, ошону менен көркөм иш аракеттерин ар кандай түрлөрүнө кошулат. Эң жаркыраган эстетикалык каражаттарынын бири бул – музыка. Ал үчүн баланын музыкалдуулугу өөрчүшү керек. Музыкалуулуктун биринчи белгиси бул кандайдыр бир музыкалык чыгарманын мүнөзүн маанайын сезүү, укканына жан дүйнөсү менен жооп берүү, музыкалык образдарды түшүнүү үчүн эмоционалдык мамилени көрсөтүү. Мен мугалим болуп иштеп баштагандан бери карама каршы мүнөздөгү музыкага эмоционалдуу жооп кайтарууга аракет кылам. Ал эми жогорку мектептеги орто топ үчүн мен музыка угуу процессинде кыйла татаал тапшырмаларды берем. Үчүнчү белги музыкага болгон чыгармачыл мамиленин көрүнүшү. Музыканы угуп балдар өзүнүн ыкмасында аткарып аны ырдоодо музыкалык ритмикалык кыймылдарда жеткирет. Балдардын фантазиясын ойготуу абдан маанилүү жана муну ырдын жандуулугу менен жасоого болот. Бала кыймыл аракеттерге мүнөздүү экспресивдүү кыймылдарды издеп, импровизациялап таанышат, кыймылдарды айкалыштырат, музыкалык көнүгүүнүн мындай ыкмасы балдардагы фантазияны өөрчүтөт. Музыка акыл жөндөмдөрдүн өркүндөтүүнүн дагы каражаты. Музыканы кабыл алуу психикалык процесстер менен тыгыз байланышта, көнүл бурууну, байкоону, концентрацияны талап кылат. Балдар үндү угушат, окшош жана айырмаланган үндөрдү салыштырып, алардын экспрессивдүү үндөрү менен таанышышат, жана өз алдынча анализ жүргүзүшөт. Угуудан кийин өздөрүнүн тыянактарын чыгарышат, чыгарманын мазмуну жөнүндө сүйлөшүшөт. Бул учурда балдар угууга сезимтал болуп, кунт коюп угууну өздөштүрүшөт. Ал эми адамдын өнүгүшүндө кунт коюп угуу, абдан маанилүү. Угуу жөндөмүн өнүктүрүү менен адам көп нерсени өздөштүрө алат. Музыка сабагында иш аракеттердин ар кандай түрлөрүнүн кезектешип алмашуусу, балдардын

акылына, реакциянын курчтугуна уюшкандыгына жана эрктүү аракетине көнүл буруунун талап кылат. Мунун баары борбордук нерв системасына жана интеллектуалдык активдүүлүктү жандандырат. Бул жагынан музыкалык дидактика чоң жардам берет. Оюн бул мугалимдердин жеткиликтүү каражаты. Музыкалык оюндар балдардын көнүлүн активдештирип, белгилүү бир көйгөйдү чечүүгө багытталат. Белгилей кетүүчү нерсе искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле музыка таанып билүү маанисине ээ. Ал бардык жашоо кубулуштарды чагылдырат, бала жаңы билим алат. Жаны музыкалык чыгарма менен таанышып жатып, болгон бардык жаны сөздөрдү талдоо менен жаңы процесстерди ачып чыгармачыл көрүнүштөрдү өздөрүнө синирип алат. Балдардын өнүгүүсүндө чыгармачыл көрүнүштөрдү ар тараптан колдоо керек. Музыканын ушундай бир маанилүү сапатын анын бүтүндөй адам денесинин жалпы абалына таасир этүү жөндөмүн белгилегим келет. Музыка – бул физикалык өнүгүүнүн каражаты. Музыкалык ыргактын ыргактык компоненттерди чеберчилик менен колдонууга белгилүү маселелерди чечүүгө жардам берери далилденген. Ырдоо вокалдык аппаратты өркүндөтөт, байламталарды бекемдейт, сүйлөөнү жакшыртат жана үн менен угуунун координациясынын өнүгүшүнө шарт түзөт. Адамда ырдоо учурунда адамдын ден соолугуна таасир тийгизген бир катар зат алмашуу процесси жүрөт. Музыка бардык эле балдарга бирдей күч менен таасир эте албайт. Анткени, балдардын музыкалык табити ар бирөөнүкү ар башка. Бала кезинен эле ар бир бала өзүнчө музыкага болгон кызыгуусун көрсөтүп бере алат. Жашы өткөн сайын балдарга музыкалык табит пайда болуп, алардын көркөм тажрыйбасы ар түрдүү болуп калат. Бул маселелерди чеүүгө жана музыкалык туура уктурууга багыттоо үчүн күнүмдүк жашоодо музыка сабагы жардам берет. Эгерде бала өз ыктыяры менен, демилге менен ырдаса жана экспрессивдүү туура аткарса анда, биз музыкалык жөндөмдөрдүн жетиштүү денгээлде өнүгүшү жөнүндө сөз кылсак болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдыкеримова М.А. Жалпы педагогика [Текст]: жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / М.А. Абдыкеримова, Э.Т. Токсомбаева, Р.Т. Кадырбекова. – Бишкек, 2011. – 420 б.
2. Субаналиев С. Традиционные инструментальная музыка кыргызов [Текст] / С. Субаналиев. – Бишкек, 2003
3. Абышев, К.Н. Эстетическое воспитание студентов педвузов средствами киргизского музыкально-песенного фольклора [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / К.Н. Абышев. – М., 1987. – 16 с.
4. Апраксина, О.А. Методика музыкального воспитания в школе [Текст] / О.А. Апраксина. – М.: Просвещение, 1988. – 222 с.
5. Арчажникова Л.Г. Профессия – учитель музыки [Текст] / Л.Г. Арчажникова. – М.: Просвещение, 1984. – 111 с.


**Рецензент: доцент Токтоганова К.А.**